Айдыңы арткан – "Алтынкен"

# «Алтынкен» компаниясы жайыттарга жолду тазалап берди

Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА, "Кыргыз Туусу"

**«Алтынкен» компаниясынын ишмердүүлүгүндө жыл сайын Кемин районундагы Окторкой жайлоосуна баруучу жолду тазалоодо дыйкандарга техникалык жардам көрсөтүү иштери салтка айланып калгандай.**



Үстүбүздөгү жылдагы катуу жааган жаандан улам көп жерлерде сел жүрүп, жолдор бузулган. Ошондуктан, Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн жайыт комитети техникалык жардам сурап, жайлоого кеткен жолду тазалап берүү үчүн атайын компанияга кайрылган эле.

Жайыт комитетинин өкүлү Бараков Жумабектин айтымында: «Окторкой жайлоосунда малчылардын конушуна баруучу жолдун бир нече жерлерин сел бузуп кеткен. Унаа менен жүрүү кооптуу болуп, жөө жүрүү кыйынчылык болуп калды» – деп жазылган расмий катта.

Ишкананын техникалары Окторкой жайлоосуна кеткенин уккан фермерлер Абдылдаев Бекмырза менен Шаршеков Арзымат биздин жүктөгүчтү коштоп, жол көрсөтүүчү жерге келишти.

Компаниянын атайын техникасы келип, төрт сааттын ичинде кыска мөөнөттүү жаан-чачынга байланыштуу үзгүлтүккө учураган (тоодогу аба ырайы өзгөрүлүп турат) дыйкандардын көйгөйүн чечип, 1 чакырымга жакын жолду калыбына келтирүү иштери жүргүзүлдү.

Жолдун оңдолушуна кубанган фермерлер жана жайыт комитетинин өкүлү компаниянын жетекчилигине көрсөткөн маанилүү жардамы үчүн ыраазычылык билдирип, тажрыйбалуу оператор Иван Салушкиндин сапаттуу эмгегин өзгөчө белгилешти.

«Алтынкен» компаниясы – жергиликтүү калк менен байланышты чыңдоо боюнча ишмердүүлүгүн улантууда жана ар дайым досторуна жардамга келип, колун сунууга кубанычта.





Айтмакчы

# Эл жаңы автобекеттен жөнөйт




**Бишкектеги Батыш автобекети жана анын ичиндеги "Ак жол" кичи автобекети 23-октябрдан тарта жабылды. Эми бул автобекет аркылуу кеткен бардык каттамдар Алматы көчөсү 1/1 дарегинде жайгашкан "Бишкек автобекети" муниципалдык ишканасынын жаңы бекетинен жөнөйт.**

Жаңы автобекет эл аралык, шаар аралык, облустук жана шаар четиндеги каттамдарды тейлейт. Мэрия жабылган бекеттен "Бишкек автобекетине" чейин автобус каттамы уюштурулуп, жүргүнчүлөрдү ташып жатканын кабарлады.

Мекеменин маалыматына караганда, чыгыш багытындагы каттамдар жаңы автобекеттен, батыш тарапка кеткен каттамдар автоунаа базары тараптан же Фрунзе көчөсү, 209 дарегинен жөнөп жатат.

Бишкектин ичиндеги батыш жана чыгыш автобекеттери жабылып, шаардын сыртына чыгарылары мурда кабарланган.

Бишкектин четиндеги Фучик көчөсүнүн батыш тарабына, Бишкектен аэропортту көздөй бараткан жолдун жээгине "Ош" базарын, батыш автобекетин камтыган ири комплекс жайгашары айтылып, анын курулушуна быйыл 5-июлда капсула салынган. Шаар башкармалыгы Батыш автобекети менен "Ош базарын" башка жакка көчүрүү менен тыгын көйгөйү чечилет деп билдирген.

**Өз маалыматыбыз**